| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>ПАНФИЛОВ РАЙОНУ<br>ОРТО-КАЙЫҢДЫ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ОРТО- КАЙЫНДЫ** |

**III- сессия** **I – чакырылыш**

**ТОКТОМ № 10**

**06-Февраль 2024-ж.** **Вознесеновка а.**

**“ Орто-Кайыңды айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетун жана 2025-жылдын бюджетин бекитүү ”.**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123- “ Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө “ мыйзамынын 34 - беренесине ылайык , айыл өкмөтүнүн СЭӨБ башчысы Машланова Э.М. 2024-жылдын бюджетинин аткарылышы жөнүндө жана 2025-жылдын жергиликтүү бюджети боюнча маалыматын угуп, талкуулап чыгып Орто-Кайыңды айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ :**

1.Орто-Кайыңды айыл өкмөтүнүн 2024-жылга бюджетинин киреше жагынан 30815,0 миң сом , чыгаша жагынан 48078,7 миң сом , анын ичинен атайын эсебиндеги суммасы 1715,6 миң сомго аткарылышы жөнүндө отчету тиркемеге ылайык маалыматка алынсын.

2.Орто-Кайыңды айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин 2025-жылдын киреше бөлүгү 29421,6 миң сом , атайын счеттун каражаты 1755,0 миң сом, жалпы киреше бөлүгү 31776,6 миң сомго №1 тиркемеге ылайык бекитилсин .

3.Орто-Кайыңды айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын чыгаша бөлүгү 31776,6 миң сомго № 2 тиркемеге ылайык бекитилсин .

4. 2025-жылдын бюджетинин 1-январына карата эркин калдыгы 7746,812 сом, мамлекеттик кызмат бөлүмү 34003 сом, атайын эсеп бала-бакча бөлүмүнөн 88, 838 сом № 3, № 4 тиркемелерге ылайык бекитилсин.

5.Орто-Кайыңды айыл өкмөтүнүн муниципалдык кызматкерлеринин жана Орто-Кайыңды айылдык кеңешинин муниципалдык кызматчысынын ишин стимулдаштыруу максатында эмгек акыга кошумча үстөк пайыз № 5 тиркемеге ылайык бекитилсин.

6.Жыл ичинде бюджеттик каражаттарды айыл өкмөтүнүн башчысына керектүү колдонууга жана кайра бөлүштүрүгө айылдык кеңештин макулдашусу менен жүргүзүлсүн.

7.Ушул токтомдун аткарылышын жана жергиликтүү бюджеттин каражаттарын максаттуу пайдаланууну камсыз кылуу СЭӨБ башчысы Машланова Э.М. жүктөлөт.

8. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Чүй-Бишкек юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

9. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Орто-Кайынды айыл өкмөтүнүн башчысы Баязова Ж.Э жана бюджет, каржы , экономика, салык жана муниципалдык менчик боюнча депутаттык туруктуу комиссиянын төрагасы Шаршенбиева В.А жүктөлсүн.

Төрага К.Мырзагелдиев.